**долбоор**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XVIII–СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 29- октябрь айы №86**

*(Балыкчы шаардык кенештин 2026-жылдын 28-августундагы №123 токтомунун редакциясына ылайык)*

**“Автобекет” муниципалдык ишканасынын шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын тарифи жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 17-октябрындагы № 01-13/8222 кайрылуусунун шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кеңешинин сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Автобекет” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүп жаткан шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысы № 1 тиркемеге ылайык 2025-жылдын 1-ноябрынан баштап бекитилсин.
2. Жүргүнчүлөрдүн жол киресин “Тулпар” электрондук төлөм системасы аркылуу накталай эмес төлөө формасы 2026-жылдын 31-авгутунан баштап киргизилсин.
3. Балыкчы шаарынын мэриясына жана “Автобекет” муниципалдык ишканасына “Тулпар” электрондук төлөм системасынын үзгүлтүксүз иштешин жана жүргүнчүлөргө төлөм жүргүзүү тартиби жөнүндө маалымат берүүнү камсыз кылуу тапшырылсын.
4. Маршруттук каттамдагы автоунаалардын техникалык жана санитардык абалын жакшыртуу, жүргүнчүлөрдү тейлөө маданиятын көзөмөлдөө “Автобекет” муниципалдык ишканасынын администрациясына милдеттендирилсин
5. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.
6. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, БшММБ МИ-1, Автобекет МИ-1, ММК.-1, мам.каттоо-2

БЕКИТИЛДИ

Балыкчы шаардык кеңешинин
XXIX чакырылышынын XVIII
сессиясынын № 86 токтомунун
1-тиркемеси
“29” - октябрь 2025-жыл
_______________ Аманалиев Д.Ж.

*(Балыкчы шаардык кенештин 2026-жылдын 28-августундагы №123 токтомунун редакциясына ылайык)*

Автобекет МИ шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын бекитилген тарифи:

| № п/п | Жүргүнчүлөрдүн категориясы | **Бекитилген тариф** |
|---|---|---|
| **1.** | **Балыкчы шаарынын №101, №103 жана №104 маршруттук каттамдары** | |
| | - жөнөкөй чоң жүргүнчүлөргө жол жүрүү билети | **билет–920 (Тогуз жүз жыйырма) сом<br>накталай 30 (отуз) сом** |
| | Балыкчы шаарынын бардык аймагындагы окуучуларга жол жүрүү билети – | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт<br>Накталай 20-сом** |
| **2.** | **Таш-Сарай жана Дача конуштарынын тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга –<br><br>Чоңдорго – | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт<br>Накталай 20-сом<br>30 (отуз) сом;** |
| **3.** | **Орто-Токой жана Көк-Мойнок-2 конуштарынын тургундары үчүн:** | |
| | Чоңдорго<br>Мектеп окуучуларына жана бала бакча балдарына – (аймактын жашоочулары менен макулдашуунун негизинде). | **– 50 (элүү) сом<br>500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт<br>Накталай 20-сом** |
| **4.** | **Ак-Өлөң конушунун тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга<br><br>Чоңдорго | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт<br>Накталай 20-сом<br>50 (элүү) сом.** |
| **5.** | **Көк-Мойнок-1 конушунун тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга<br><br>Чоңдорго | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт<br>Накталай 20-сом<br>30 (отуз) сом** |
| 6. | Жашы боюнча пенсия алуучуларга жана майыптыгы бар жарандарга коомдук транспортто акысыз жүрүү укугу берилсин. | |

Эскертүү:

1. “Тулпар” электрондук төлөм системасы аркылуу төлөө накталай эмес эсептешүү болуп саналат.

2. Жашы боюнча пенсия алуучулар жана майыптыгы бар жарандар тиешелүү күбөлүгүн көрсөткөн учурда коомдук транспортто акысыз жүрүшөт.

.**Долбоор**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXVI–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын 28- август айы №123**

**Балыкчы шаардык кеңешинин 2025-жылдын 29-октябрындагы №86 "Автобекет" муниципалдык ишканасынын шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын тарифи жөнүндө" токтомуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын сунушун карап, жүргүнчүлөрдү ташуунун сапатын жогорулатуу, жол кирени төлөөнүн накталай эмес формасын киргизүү, "Тулпар" электрондук төлөм системасын колдонуу жана калктын социалдык жактан аярлуу катмарларын колдоо максатында, Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаардык кеңешинин 2025-жылдын 29-октябрындагы №86 токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:
   -Жүргүнчүлөрдүн жол киресин "Тулпар" электрондук төлөм системасы аркылуу накталай эмес төлөө формасы 2026-жылдын 31-авгутунан баштап киргизилсин.

   Автобекет МИ шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысы боюнча №1 тиркемеге төмөндөгүдөй толуктоо киргизилсин.
   Жашы боюнча пенсия алуучуларга жана майыптыгы бар жарандарга коомдук транспортто акысыз жүрүү укугу берилсин.
   Балыкчы шаарынын мэриясына жана "Автобекет" муниципалдык ишканасына "Тулпар" электрондук төлөм системасынын үзгүлтүксүз иштешин жана жүргүнчүлөргө төлөм жүргүзүү тартиби жөнүндө маалымат берүүнү камсыз кылуу тапшырылсын.
2. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы **Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык** туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Автобекет МИ-1, ММК.-1, мам.каттоо-1

.**Долбоор**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXVI–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын 28- август айы №124**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №502 токтомун ишке ашыруу жөнүндө**

2025-жылдын 19-августундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №502 токтому ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Балыкчы шаарынын мэриясынын кайрылуусунун жана Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык кенеши токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 «Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтому Балыкчы шаарынын аймагында аткарууга кабыл алынсын.
2. Балыкчы шаарынын муниципалдык көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №502 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибине ылайык жүргүзүлсүн.
3. Балыкчы шаарынын мэриясына:

-калкка көмүү жайларын брондоо тартиби, шарттары жана талаптары жөнүндө маалымат берүүнү камсыз кылуу, көмүү жайларын брондоо боюнча зарыл болгон документтердин үлгүлөрүн жана уюштуруу чараларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеп чыгуу жана бекитүү тапшырылсын

4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.
5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Автобекет МИ-1, ММК.-1, мам.каттоо-1